УДК 2-78(575.2)

# ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ “ВАХХАБИТСКОЙ” РЕЛИГИОЗНОЙ ОРГАНИЗАЦИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

***К.Т. Алимова***

Исследуется деятельность “ваххабитской” религиозной организации в Кыргызстане; пронализированы идеи “вахабизма”.

*Ключевые слова:* ислам; Куран; сунна; ваххабизм; движение талибан; джихад; газават; терроризм; фатва.

# ACTIVITIES OF "WAHHABI" RELIGIOUS ORGANIZATION IN KYRGYZSTAN

***K.T. Alimova***

The paper investigates the activity of "wahhabite" religious organization in Kyrgyzstan: analyzed the idea of "wahhabism".

*Keywords:* Islam; Curan; Sunnah; wahhabism; the Taliban; jihad; jehad; terrorism; fatwa.

Ислам далинде ваххабизм агымы XVIII к. аягында Осмон империясынын үстөмдүгүнөн кутулуу үчүн Сауд Аравиясында пайда болгон [1]. Недж шаарында шайык - алем Мухаммед ибн Абдаль Ваххаб (1703–1797) Аравия жарым аралынын бардык жашоочуларын ислам дининин алгачкы тазалыктагы дөөлөттөрүнө кайрылууга үндөгөн. Ваххабизм сауд уруусун бириктирүүчү саясий идеология болуп калган [2].

Ваххабизм азыркы учурдагы исламдык фундаментализмге жакыныраак, себеби эки агымдын максаты бирдей болуп кетет [3]. Ваххабиттик кыймыл Борбордук Азия мамлекеттеринин кыйын, татаал мезгилине жооп ирээтинде күчөп жатканында шек жок.

Кыргызстанда “Ваххабизм” деген түшүнүк ММК аркылуу Тажикистандагы граждандык согуш мезгилинде жайыла баштаган. 1997-ж. 3–9 декабрдагы “Ах!..Вах..абизм”, 1991-ж. басмадан чыккан “Ислам деген эмне?”, Р. Касымовдун “Маркумду узатуу расмийи” деген макалалар жарык көргөн. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери боюнча комиссиянынын мурдагы төрагасы Эмил Каптагаев: “Кыргызстанда ваххабиттер жок, болгон күндө да аларга эч кандай чара колдонууга мүмкүн эмес, мен ваххабиймин, ушул окуу туура деп, ачык айткан бир да имам, бир да медресенин мугалими жок”, – деген маалымат берген [4]. Тескерисинче, тарыхчы А. Алишеванын Кыргызстандагы диний кырдаалга кайрылган макаласында түштүктө кээ бир тургундар өздөрүн ваххабизмдин жактоочулары экенин жашырышпаганын айткан. Ошто бир ардагер аял көптөн бери ваххабизмге ишенерин, салтанаттуу тойлорго, мазарларга сыйынууга каршы экенин, шейхтерге, имамдарга да ишенбесин, ваххабизм мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын ишеними жана басма сөздө айтылгандай Ошто ваххабиттер жок деп айтуу акылсыздык, анткени ваххабиттер ар бир кварталдарда, ар бир үйдө, өзгөчө аялдардын арасында көп экендигин айткан [5]. Ошондой эле, улуттук коопсуздук комитетинин жооптуу кызматкери Т. Раззаков: “Ваххабизм бизде бар, бирок ал азырынча өнүгүү стадиясында”, – деген. Ваххабизм өзгөчө түштүктө күч алып, Низамия, Ахмадия, Ашрафия деген үч агым пайда болгон. Мечит-медреселерде тымызын окутулуп, жашыруун адабияттар таркатылган. Ваххабийлердин негизги максаты биздеги мамлекеттик, конституциялык түзүлүштү өзгөртүү”, – деп ачык айткан, КР Өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын экс төрагасы Ж. Жоробеков. Ал андан ары: “Диний секталардын ишмердүүлүгүн чектей турган, диний уюмдар жөнүндө жаңы мыйзамды кабыл алууга мезгил жетти”, – деп, айткан [6]. 1998-ж. 16–17-январда “Кыргызстанда ваххабизмге негиз жок” деген кайрылуу менен Кыргызстандын мусулмандарынын дин башкармалыгынын арызы жазылган. Бул арызда молдо А. Асранкуловдун “Ваххабийлер бизде деле бар” [7] деген сөзүнө каршы болуп, Кыргызстанда ваххабизм бар дегенге негиз жок деген жыйынтык чыгарылган [8]. Бирок ал жыйынтык төгүнгө чыгып, 2000–2010-жж. аралыгында ваххабизмдин жактоочулары түштүктө өз ишмердүүлүгүн

күчөтүп, исламды радикалдаштыруу башталган. 1997-ж. Ош шаарында микроавтобус жардырылып, 7 адам өлгөн. 1999–2000-ж.ж. Баткен областынын Зардалы, Коргон, Палал-Ооз, Раут, Ходжаган, Жылуу-Суу айылдарын басып алып, 60 адам курман болгон. 2004–2006-ж.ж. жана 2008–2009-ж.ж. Баткен, Жалал-Абад, Ош областтарындагы террордук актыларда бей күнөө адамдар курман болгон. 2010-ж. ноябрда Ошто кайра жардыруулар болуп, 3 адам өлүп, 20 адам жаракат алган. 2011-ж. октябрда барымтага алынгандар болуп, ваххабиттик идеядагы террористтер жок кылынган. Диний серепчи К. Маликовдун билдирүүсү боюнча жакынкы беш жылда ваххабизмдин идеялары Кыргызстандын түндүгүнө да тарашы мүмкүн” [9].

Чындыгында ваххабизмдин тарашына Кыргызстанда бир нече жүйөлүү ички жана тышкы себептер бар: 1. Мамлекеттик бийликтин алсыздыгы; 2. Эл аралык ислам уюмдары республикада саясий күрөштүн тажрыйбасынын алсыздыгынан пайдаланышы; 3. Иран Ислам Республикасындагы 1979-ж. революциянын таасири; 4. Афганистандагы 1979–1989-жж. граждандык согуш жана ал бүткөндөн кийинки “Талибан” кыймылынын жетекчилеринин бийликке келиши, “Талибан” кыймылын Пакистандын өкмөтү ачык түрдө колдошу.

2011–2012-жж. Кыргызстанда Сауд Аравиянын жана Катардын элчиликтери ачылар менен ММКда бул элчиликтер аркылуу өлкөдө тыюу салынган диний уюмдар каржыланат деген ой-пикирлер жаралган. Негизги максат идеологиялык экспанция. Айрыкча, өлкөнүн түштүгүндө исламды радикалдаштыруу башталган. Серепчилер Кыргызстандагы дагы бир нерсени криминал менен дин кызматчыларынын биригишин байкашкан [9].

Сауд Аравия мамлекетинин ислам иштери боюнча министрлиги чет өлкөлөрдө 25ке жакын сауд ислам борборлорун (Москвада да) түзгөн. Алар Кыргызстанда ар кандай маданий борборлорду түзүп, араб тилинин курстарын ачышкан. Ал жерде ачык эле ваххабиттер тарабынан ар кандай адабияттар таратылган.

Ваххабиттер моло таштарга сыйынган жылдыздар боюнча тагдырды божомолдоо, тумарларды тагынуу, төлгөгө, боло турган окуяларды айтуу, туулган күнүн белгилөө, мааракелерди, тойлорду, аза күтүү чогулушун өткөрүү, мүрзөгө эстеликтерди куруу сыяктуу аракеттердин бардыгына катуу тыюу салышат. Мыйзам чыгаруу иши Алланын гана колунда, ошол себептен башка бардык мыйзамдар каапырлардын иши болот деп айтышкан [1].

Ваххабиттердин окууларын таратууга жолтоо кылгандардын бардыгына “газават” ыйык согуш жарыяланган [10]. Исламдын душмандарын жок кылуу дайыма уюмдашкан түрдө жихад формасында жүргүзүлүп туруу керек. Бул кан төгүүчүлөрдүн теориясын исламдын реформатору Мухаммед ибн Абд аль-Ваххаб, анын устаттары, орто кылымдарда жашап өткөн, Таки ад-Дин ибн Таймийя (1263–1328), Ибн-Кайима аль-Джавзийя (1292–1350) иштеп чыгып, негиздешкен [11].

“Мухаммад Ибн Абд аль Ваххабдын “Фатх аль-маджит Шарх китаб ат – таухид” (“Бир кудайга ишенүүнүн китеби”) деген негизги эмгегинде каапырларга каршы куралдуу жихад жарыялоо ваххабиттердин милдети деп баса белгиленген [11]. Ваххабизм идеяларынын таратылышына Борбордук Азиянын калкынын жашоо турмушунун деңгээлинин төмөндөшү, ички миграциянын күчөшүнүн негизинде тууган-уруктун ортосундагы байланыштын үзүлүшү, көпчүлүк адамдардын адистик деңгээлинин төмөндөшү, мамлекеттик идеологиянын жоктугу жакшы шарттарды түзүп берген. Ваххабиттик идеяларды таратып жүргөндөрдүн басымдуу көпчүлүгү атайын диний даярдыктан өткөндүктөн, азыркы учурда айылкыштакта ырым-жырымдарды аткарып жүргөн диний даярдыгы төмөн молдолорду четке кагып, алардын ордун басууга аракет жасашкан [12]. Натыйжада, кыдырып жүргөн дааватчылардын саны да көбөйүп, Кыргызстанда ар кандай мусулман жамааттары пайда болгон. Ушул мусулман жамаатттары ваххабиттик идеяны таратуунун легалдуу эмес жолу болуп эсептелген. Жамааттарда жаштарды ар кандай диний курулуштарга тартуу күч алган.

Мусулман өлкөлөрүндөгү шариатка жана ата-бабалардын каада-салттарына каршы ар түрдүү пикирлер эл-аралык терроризмдин булагына айланган. Кыргызстанда ваххабизм идеяларына, ваххабиттерге карапайым элдин пикири кандай? Бул суроого Малтабаров Б.А социологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында катталгандардын 72 % Кыргызстандын коопсуздугуна ваххабизм коркунуч туудурат деп, жооп беришкендигин айткан [13]. Бул суроо-жооп каттоосу 1998-жылдын июнунда өткөрүлгөн. Бир жылдан кийин кайгылуу Баткен окуялары каттоодон өткөндөрдүн жообун далилдеген. 2000-ж. 9-ноябрда Алматыда өткөрүлгөн Эл-аралык конференцияда Баткен окуяларына Эл-аралык саясий жана аскердик адистер баа беришкен. Анда чынында диний экстремисттик маанайдагы иш чаралар болгондугу далилденген. Бул конференция согушту жана тынчтыкты айкын изилдөө институту тарабынан өткөрүлгөн. “Ваххабизм ислам мамлекеттеринде жана диний чөйрөдө тышкы саясаттын каражатына айланган. Белгилүү саясий чөйрөлөр артыкчылыктарга жетишүү үчүн, ваххабиттик окууну системалык түрдө, айрыкча өткөөл мезгилди башынан өткөрүп жаткан өз мам-

лекеттеринде колдонушкан. Ваххабиттер Кыргызстандын түштүгүндө Ош, Жалал-Абад областтарында көбүрөөк экени басма сөз каражаттарынан белгилүү. 1995-жылы Сузактын бир медресесинде Ваххабиттердин саясий партия түзүүгө болгон аракетин укук коргоо органдары басып салышкан [13].

Ваххабиттердин идеологиясы Сауд Аравия мамлекетинин түзүлүшүнө салым киргизгени белгилүү. Ал боюнча Куранда жана Суннада каралбаган нерселер (бида) динди бузуу болуп эсептелген. Мындай теориянын негизинде Куранды чечмелөөлөр жана ислам аалымдарынын өкүмдөрү (фатвалар) туура деп саналбайт. Ваххабиттер Куран аяттарын өздөрүнүн кызыкчылыгында чечмелешет. Куран жана суннаны кабыл алган аалымдар ваххабилик агымды эң зыяндуу, бузук агым деп эсептешет. Ваххабизмди Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын өкүлдөрү, Ислам окуу жайларынын жетекчилери кабыл алган эмес.

1991–1993-жж. Кыргызстанда 39 исламдык даватчылар Пакистан, Сауд Аравия, Иран, Афганистан өлкөлөрүнөн келишкен. Жалал-Абад шаарында 400дөн ашуун ваххабиттик китептер укук коргоо органдарынын колуна түшкөн. Республиканын жаштарынын кээ бирлери чет өлкөлөрдө террористтик даярдыктан өтүп келишкен. Кыргызстандын аймагында “Эркин Чыгыш Түркстан үчүн” деген диний-террористтик уюмдун 200дөн ашык мүчөлөрү болгон. Покровка айылында камакка алынган адамдардын жанында ваххабиттик аудио-видео касеталар, курал-жарактар, тууралуу маалыматтар, 29 адамдардын Пакистанга окууга жиберилгени тууралуу документтер табылган [14].

Э. Мамытованын маалыматы боюнча “Өзбекстанда, Кыргызстанда жана Казакстандын түштүгүндө ваххабизмдин жактоочуларынын саны калктын 10 % түзгөн” [15].

Азыркы учурда “жаңы ваххабизм” таратылып жаткандыгын серепчилер байкашкан. Дин тематикасына кайрылган авторлордун көпчүлүгү вахабиттердин идеяларын Кыргызстанга өткөн кылымдын 90-жылдарында түштүк Кыргызстанга Анжияндык жана Наманагандык мусулмандар аркылуу таратыла баштаган деп, тура баа беришкен.

***Адабияттар***


1. *Бибикова О.* Феномен “ваххабизма” / О. Бибикова // Азия и Африка сегодня. 1999. № 8. С. 48–52.
2. *Васильев А.* Персидский залив в эпицентре бури / А. Васильев. М., 1983. С. 230.
3. *Васильев А.* История Саудовской Аравии / А. Васильев. М., 1982. С. 529.
4. *Каптагаев Э.* Ваххабийлер келатат деп чуу салганга негиз жок / Э. Каптагаев // Асаба. 1998. 9-янв.
5. *Алишева А.* Религиозная ситуация в Кыргызстане / А. Алишерова // Центральная Азия и Кавказ. 1999. № 4 (5).
6. Алчу жоо акырын келет // Асаба. 1998. 9-янв.
7. *Асранкулов А.* Так аткарганды алла таалам өзү жалгайт / А. Асранкулов // Аалам. 1997. 15-21-янв. № 1. 6-б.
8. В Кыргызстане нет почвы для ваххабизма // Слово Кыргызстана. 1998. 16–17 янв. № 11–12.
9. *Маликов К.* Религиозная ситуация в Кыргызстане: анализ и перспективы развития. URL: http://www/easttimt/ru/analytic/1/4/383/html.
10. *Эткин М.* “Ваххабизм” и фундаментализм: термины-“страшилки”: лексикологические изыски противников ислама / М. Эткин // Центральная Азия и Кавказ. 2000. № 72. С. 75–81.
11. *Муртазил М.* Мусульмане и Россия: к войне или к миру / М. Муртазил // Центральная Азия и Кавказ. 2000. № 1 (2). С. 147.
12. *Крылов А.* Кыргызстан: исламский радикализм или традиционный ислам? / А. Крылов // Аналитика. 2004. 23 сент.
13. *Малтабаров Б.А.* Религия и религиозные процессы в Кыргызстане / Б.А. Малтарбаров. Бишкек, 2002. С. 77.
14. *Киютин В.* Исламское возрождение в республиках Центральной Азии: по материалам зарубежных исследований / В. Киютин, А. Акунов // Центральная Азия и Культура мира. Бишкек, 2000. № 1–2 (8–9) С. 18–29.
15. *Мамытова Э.* Исламский фундаментализм и экстремизм в странах Центральной Азии / Э. Мамытова // Центральная Азия и Кавказ. 2000. № 5. (11) С. 57–63.